КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 300/1 2020 жылдын «19» марты

**«Мектепке чейинки билим берүү тармагындагы уюмдардын ишин убактылуу токтотуу жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын аймактарында коронавирустун жайылышына жол бербөө жана кырдаалдын өнүгүшүнө бөгөт коюу боюнча Республикалык Штабдын 2020 – жылдын 18 – мартындагы чечимин аткаруу максатында, **буйрук кыламын:**

1. 2020-жылдын 20-мартынан 8-апрелине чейин менчигинин түрүнө жана кайсы ведомствого таандык экендигине карабастан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, балдарды эрте өнүктүрүү борборлорунун ишмердүүлүгү токтотулсун.
2. Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары;
   - бул буйрукту менчигинин түрүнө жана кайсы ведомствого таандык экендигине карабастан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, эрте өнүктүрүү борборлорунун жетекчилерине жеткиришсин.
3. Бардык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын, эрте өнүктүрүү борборлорунун жетекчилери:
   - аталган буйрукту тиешелүү уюмдардын жетекчилерине жана ата-энелерге жеткирсин;
   - билим берүү уюмунун имараттарында эки күндүн ичинде санитардык тазалоо иштерин жүргүзүшсүн.
4. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 172-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык:
   - республикалык бюджеттен каржыланган мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысы сакталсын;
   - мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысы башка булактардан каржыланса, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин нормаларын жетекчиликке алышсын.